**Институттук аккредитациялоо учурунда тышкы баалоонунун натыйжалары боюнча**

**КОРУТУНДУ**

Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту коомдук фондунун 2024-жылдын

8- апрелиндеги буйругунун негизинде № 9/24/11-к

експерттик комиссия 2024-жылдын 19- апрелинен баштап 2024-жылдын 20- апрелине чейин

“Токмок “Үмүт” жалпы билим берүү лицей» мекемесине тышкы баалоо жүргүзүлдү

| | Критерийлер | Баа (ылайык келет, жарым-жартылай ылайык келет, ылайык келбейт) | Комментарийлер(баанын негиздемеси) |
|---|---|---|---|
| **1 Стандарт. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Ылайык келет | Тастыктоочу базада Билим берүү мыйзамы, мамлекеттик билим берүү стандарты, лицейдин Уставы жана күбөлүгү,сертификаттар, окуу планы жана базистик окуу планы, окуу программалары иштелип чыккан жана админстрация тарабынана бекитилген..Ички актылар толугу менен берилген. Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарына толук ылайык келет. |
| 1.2. | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана жыл сайын өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу | Ылайык келет | Билим берүү комплексинин миссиясы бекитилген, өнүгүү программасында көрсөтүлгөн. Максаттары жана өнүгүү пландары, кызыкдар тараптар менен талкууланат. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын жүргүзүлөт жана максаттары , учурдагы пландарда көрсөтүлгөн.Усулдук бирикмелердин пландары, жылдык пландардын анализдери бар.Далил базасында өнүгүү программасы,стратегиялык пландын анализи, билим сапатынын 5 жылдык салыштырма анализи, мониторингдери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жана тарбиялык иштердин жылдык планы киргизилген. |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын / түзүмдөрдүн болушу | Ылайык келет | Билим сапатын камсыз кылуу системасы методикалык жана башкаруу түзүмдөрүн камтыйт, алардын иши билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча милдеттер конкреттештирилген локалдык актылар менен жөнгө салынган.. Жооптуу адамдардын функционалдык милдеттерине билим берүү комплексиндеги билим берүүнүн сапатын пландаштыруу, көзөмөлдөө, талдоо функциялары кирет. Билим берүү ишинин саясатын ишке ашыруу боюнча тиешелүү адамдардын жана түзүмдөрдүн отчеттору, протоколдору берилген. Админстративдик функционалдык милдеттердин бөлүнүшү жөнүндө буйрук,нускамалар тиркелген.Лицейдин ишмердүүлүгү 9 усулдук бирикме аркылуу жүргүзүлөт.Методикалык бирикмелердин аткарылган иштери жыл сайын админстрация тарабынан анализденип, маалыматтар жазылат. |
| | Кызматкерлердин жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу, аларды сактоо (билимдин жана инсандын баалуулуктарын, маданий көп түрдүүлүктү колдогон уюштуруу маданиятынын калыптанышы) | ылайык келет | Далил базасында “Этикалык комиссия” жөнүндө буйрук жана “Тартип комиссиясы” жөнүндө жобо жана тиешелүү локалдык актылар тиркелген.Билим берүү комплексинин жамааты тарабынан этикалык нормалар жана эрежелер кабыл алынат жана сакталат, билим берүү комплексинин баалуулуктары, маданиятты жана баалуулуктарды өнүктүрүү боюнча максаттуу ишмердүүлүк жөнүндө айтууга мүмкүндүк берген тартип белгиленген.Билим алуучулардын жүрүм-туруму жана мектеп формасы Уставда каралган.Окуучулардын этикалык жүрүм- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | турумдарынын сакталышына мектеп парламентинин кошкон салымы чоң. Парламент жобонунун негизинде иш жүргүзөт. |
| 1.5. | Баалоо жүргүзүүнүн, ишти уюштурууну пландоонун, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүүнүн механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Ылайык келет | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу ошондой эле билим берүү коопсуздугуна мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору жана механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген.Бул багытта стратегиялык план,техникалык коопсуздук,эвакуация пландары бар. Техникалык, өрт коопсуздугу боюнча атайын мамлекеттик инспекциясынын текшерүүсүнөн өтүп ,эко техинспекциясынын жана санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдүн корутундусу чыгарылган. |
| 1.6. | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тийиштүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | Ылайык келет | Кызыкдар тараптардын катышуусу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде чечим кабыл алуу механизмдери иштелип чыккан.<br>Акыркы 3 жылдагы маалыматтарды талдоонун негизинде кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечим кабыл алуунун натыйжалуу практикасы бар.Ата-энелер комитети жөнүндө жобонун негизинде иш жүргүзүлөт.Тастыктоочу базада ата-энелер комитетинин чогулуштарынын токтомдору жана ата-энелерден алынган сурамжылоолордун жыйынтыгы жүктөлгөн. |
| 1.7. | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Ылайык келет | Лицейдин электрондук почтасы кызыкдар тараптар үчүн ишке киргизилген.Веб сайттан лицейдин ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды алууга болот. .Лицей ичиндеги маалыматтар электрондук журнал Едупейдж системасы аркылуу, дайыма берилип турат. Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү, талдоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | үчүн жooптуу адамдар бар. ИСУОну толтурууда маалыматтар өз багында чогултулат, сакталат. |
| ***Күчтүү жактар:*** *Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатын ишке ашырууда, 7 методикалык бирикме иштейт.*<br>*Билим берүүнүн жана инсандын баалуулуктарын, маданий көп түрдүүлүктү колдогон уюштуруу маданиятынын калыптанышы.*<br>*Иш кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана жыл сайын өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын эске алуу менен жүргүзүлөт.*<br>*Колдонуудагы маалыматтык башкаруу системасы бар.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *-* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатын ишке ашыруу боюнча ишти улантуу сунушталат.* | | | |
| **2 Стандарт. Кадрдык саясаттынын эффективдүүлүгү** | | | |
| 2.1. | Педагогикалык, администрациялык, окуу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды ишке кабыл алуунун (бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Жумушка кабыл алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына каршы келбейт, эмгекти коргоо, жумуш күнүн нормалары, кызматкерлерди социалдык коргоо боюнча ченемдер сакталган, кызматкерлер тарабынан эч кандай дооматтар жок.Кызматкерлерди жумушка кабыл алуу КР эмгек кодексинин, КР “Билим берүү жөнүндө”мыйзамынын, Уставдын жана башка ички локалдык актылардын негизинде жүргүзүлөт.Педагогдорду жумушка кабыл алууда талап кылынуучу документтер тиркелген. |
| 2.2. | Штаттардын толукталышынын, педагогикалык кызматкерлердин квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына дал келиши | Ылайык келет | Педагогикалык жана окутуучулук көмөкчү персонал квалификацияга жана билим берүү талаптарына ылайык толук камсыздалган.Лицейде 14 класс комплект түзүлгөн жана 34 мугалим эмгектенет.Алардын ичинен жогорку билимдүүсү-22, магистр-7, бакалавр-9.Мугалимдерди  сапаттык курамы, штаттык расписание, курстан өткөрүүнүн перспективдүү планы жана сертификаттары бар. |
| 2.3. | Камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу психологиялык коопсуз чөйрө, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара | Ылайык келет | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор белгиленген, ошондой |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мамилелерин баалоо, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуу | | эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоонун жана анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуунун далилдери бар.Лицей ичиндеги коопсуздукту камсыздоо максатында окуучулар үчүн санитардык-гигиеналык эрежелер, техникалык-коопсудук эрежелери, коопсуздукту сактоо боюнча пландар,психологдун жылдык планы жана отчету иштелип чыккан жана иштер жүргүзүлүүдө. |
| 2.4. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алууну камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана тарбиячылардын, ишин баалоо механизминин жана жол-жоболорунун иш-аракеттеринин далилдери бекитилген жана бар. Баалоо жыл сайын жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча сыйлоолор бөлүштүрүлөт.Кызматкерлердин эмгегин баалоо боюнча иштер жүргүзүлүп, тиешелүү буйрук, чечимдердин протоколдору түзүлөт. Чечимдер бардык категориядагы кызматкерлердин салымын эске алып кабыл алынат.Мугалимдердин өз алдынча өнүгүүсүнө системалуу мониторинг жүргүзүлөт.Педкадрлардын сыйлыктарга көрсөтүлүүсү атайын журналга катталат. |
| ***Күчтүү жактар:*** *Өз ишин камсыз кылуу үчүн натыйжалуу кадр саясаты жүргүзүлөт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал толугу менен камтылган.Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу курстарынан мугалимдердин өтүү динамикасынын 91% жакшырышы.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** - | | | |
| ***Сунуштар:*** - | | | |
| **3 Стандарт. Материалдык-техникалык базасы** | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, | Ылайык келет | Окуу имараттары жакшы абалда, коопсуздук көрсөткүчтөрү, саны, сапаты жагынан талапка жооп берет.Лицейдин 22 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, медпункт, ашкана), ошондой эле жатаканалардын (бар болсо)болушу, тиешелүү жашоо шарттары менен ээ болуу тийиш | | окуу кабинети, заманбап техникалар менен жабдылган.Ал эми лабораториялар-3 ( химия, физика, информатика) кабинеттеринин лабораторияларынын жабдылуусу канааттандырарлык абалда.Лабораториялар толук кандуу инвентарь менен камсыз болгон.Практикалык лабороториялык иштерди мугалимдер жана окуучулар виртуалдык негизде жүргүзөт. Акыркы 5 жылда класс кабинеттер жогорку деңгээлде жабдылган.Лицейде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар жок болгондуктан, пандус орнотулган эмес.Жатакана 3 блоктон турат.Баардык шарттар каралган.Келечекте реконструкцияга пландалган жатакананын имараты бар.Тастыктоо базасында техникалык паспорт, мамлекттик каттоо актысы жана аренда келишими, МТБны жакшыртуу планы,жатакана боюнча маалымдама,анкета, фотоотчеттор жүктөлгөн. |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери) | Ылайык келет | Лицейдин окуу имараты, жатакана, ашкана, спорт зал жана лабораторияларында техникалык өрт коопсуздугу санитардык нормалардын талаптары аткарылат.Бул талаптардын сакталышын камсыздоо максатында атайын жоболор, эрежелер жана пландар иштелип чыккан, бекитилген.Чарба иштери боюнча директордун орун басары иш жүргүзөт.Эвакуациялык пландар иштелип чыккан жана ар бир кабатка бекитилип, илинген. Коопсуздук талаптары толук сакталган.Коопсуздук боюнча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | тиешелүү буйруктар чыгарылып,башкармалыктар менен келишиимдер түзүлгөн.Окуучуларга берилүүчү тамактардын сапаты бракераждык комиссия тарабынан текшерилип турат.Санитардык-талаптардын аткарылышы, тазалыктын сакталышы лицейдин медайымы тарабынан көзөмөлгө алынат.Коопсуздукту сактоо максатында “Ишеним кутучасы” орнотулган. |
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Ылайык келет | Лицейдин МТБсын чыңдоо, техникалык каражаттарды жаңылоо,методикалык камсыздоону толуктоо,инфраструктураны жакшыртуу пландын негизинде жүргүзүлөт жана анализденет.Жыл сайын инвентаризация жүргүзүлөт жана ар бир кабинетте инвентаризация боюнча директор тарабынан бекитилген эрежелер илинген.МТБны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча анализдер, пландар бар. Өзгөртүүлөрдү көрсөткөн маалыматтар берилген.Жыл сайын материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча мониторингдер жүргүзүлөт. |
| ***Күчтүү жактар:*** *Лицейдин МТБ сы окуучулардын санына ылайык заманбап түзүлгөн жана санитардык-гигиеналык, экологиялык нормалар сакталып, көзөмолдөнүп турат.Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн пандус орнотулуусу.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *-* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Лицейдин пайдалуу аянтын кеңейтүүгө жана жатаканага ылайыкталган корпусту реконструкциялоого мүмкүнчүлүктөрдү издөө сунушталат.* | | | |
| **4 Стандарт. Финансы ресурстарын башкаруу** | | | |
| 4.1. | Финансылык пландаштыруу тутумунун болушу. | Жарым-жартылай ылайык келет | Окуу жылынын башында лицейдин бюджети түзүлүп, бир жылдык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | финансылык ресурстар пландалат. Алар эмгек акы, тамак-аш, техникалык каражаттарды алуу, комуналдык төлөмдөр, канцелярдык товардарды алуу жана башка ар түрдүү беренелер боюнча бөлүнөт.<br>Акредитация жүргүзүү убагында финансалык бөлүм кызматкерин сурамжылоо аныктоо убагында төмөнкүлөр аныкталды:<br>- Жылдын аягында жаңы окуу жылга бюджет жана пландоо, былтыркы жылдын чыгымдарын кийинки жылга бюджетке көрсөтүү түрүндө, жүргүзүлөт. Башкача айтканда, окуучулардын санынын өзгөрүшү, божомолдуу инфляциянын коэфиценти, бюджетке тууралоо түрүндө өзгөртүү киргизилбейт. Жылдын аягында, сурамжылоо жана кызматтык кат түрүндө чарба иштери боюнча директордун орун басары тарабынан лицейдин бөлүмдөрүнөн муктаждыктар чогултулуп, келерки жылдын бюджетине тууралоо, өзгөртүү оозеки түрүндө сунушталат. |
| 4.2. | Кошумча финансылык ресурстарды тартуунун, бөлүштүрүүнүн жана отчеттуулуктун ачык-айкын механизмдеринин болушу | Ылайык келет | “Үмүт” жалпы билим берүүчү лицейинин финансылык ресурстарына төмөнкүлөр кирет: ата-энелердин салымдары, акы төлөнүүчү негизде билим берүү кызматтарын көрсөтүшөт.<br>“Үмүт” жалпы билим берүүчү лицейи кошумча финансылык ресурстарды тартуу иштерин колдонбойт, тиешелүү түрдө финансылык ресурстарды тартуунун, механизмдеринин болушу зарыл эмес. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.3. | Финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Жарым-жартылай ылайык келет | Финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми "Үмүт" жалпы билим берүүчү лицейинде канааттандырарлык денгээлде жүргүзүлөт. Бирок, ченемдер же көрсөтмөлөр түрүндө, жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми, расмий түрдө бекитилген эмес. |
| ***Күчтүү жактары:*** - | | | |
| ***Алсыз жактары:*** *Ата-энелер тарабынан төлөмдөрдүн убагында төлөнбөшү финансалык ресурстадын тартыштына алып келүү тобокелдигин жаратат. Ченемдер же көрсөтмөлөр түрүндө, жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми, расмий түрдө бекитилген эмес.*<br>*Окуучулардын санынын өзгөрүшү, божомолдуу инфляциянын коэфициенти, бюджетке тууралоо түрүндө өзгөртүү киргизилбейт.*<br>*Жылдын аягында сурамжылоо жана кызматтык кат түрүндө лицейдин бөлүмдөрүнөн муктаждыктар чогултулуп жаңы окуу жылдын бюджетине оозеки түрүндө сунушталат.* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Жаңы окуу жылына бюджет (смета) түзүлүп жаткан учурда, окуучулардын санынын өзгөрүшү, божомолдуу инфляциянын коэфициенти, бюджетке негизделип өзгөртүү киргизилиши зарыл.*<br>*Жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми расмий түрдө – ченемдер, жол-жоболор түрүндө бекитилиши зарыл.* | | | |

**Минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынтыкталган таблица**

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин саны | Ылайык келет | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт | Аткарылды/ Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты | 7 | 7 | - | - | Аткарылат |
| 2. | Кадрдык саясаттынын эффективдүүлүгү | 4 | 4 | - | - | Аткарылат |
| 3. | Материалдык-техникалык базасы | 3 | 3 | - | - | Аткарылат |
| 4. | Финансы ресурстарын башкаруу | 3 | 1 | 2 | - | Аткарылат |

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо боюнча чечими:**

**“Токмок “Үмүт”жалпы билим берүү лицей” мекемеси, лицейдин статусун тастыктоо менен 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөрүүнү сунуштайт.**

Комиссиянын төрайымы: Усубалиева Нургуль Кубанычбековна ____________________

Комиссиянын мүчөлөрү: Тилемишев Азамат Темиркулович ____________________

Алманбетова Чинара Сагыналиевна ____________________